**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун кайрылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу жөнүндө

# АНЫКТАМАСЫ

2025-жылдын 4-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Р.Т. Усенованын катышуусунда, М.М. Жорокуловдун, Н.У. Кочкоровдун жана Т.У. Музулмановдун кайрылуусуна байланыштуу иш боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу жөнүндө маселени карап чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 43-беренесин жетекчиликке алып,

## Т А П Т Ы:

М.М. Жорокуловдун, Н.У. Кочкоровдун жана Т.У. Музулмановдун кайрылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин (мындан ары –ЖПК) 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө иш Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2025-жылдын 11-июлундагы аныктамасы менен Конституциялык соттун кворуму узак убакытка чейин болбой тургандыгына байланыштуу токтото турулган.

Учурда Конституциялык соттун кворуму бар жана аталган иш боюнча өндүрүштү кайра жандандырууга эч кандай тоскоолдук жок.

"Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык иш боюнча өндүрүш аны токтото туруу үчүн негиз болгон жагдайлар жоюлганда жандандырылат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 43, 48, 49 жана 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун жана Таалайбек Узенович Музулмановдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376 – беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш кайра жандандырылсын.

2. Бул аныктама кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана даттанууга жатпайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№___________